**Ибраимова, Ж.Т**
**Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын**
**мамлекеттик тил кафедрасынын**
**ага окутуучусу**

## Сабак эмнеге негизделген жана анын негизги максаты тууралуу кыскача мүнөздөмө.

Бул сабактын иштелмеси укуктук кесипте билим алып жаткан студенттер үчүн жана окутуучулар үчүн негизделет.

Сабактын громматикалык темасы: Текст. Текст кантип түзүлөт?Ал эми кептик тема болсо, бажы иши жана контробанда. Сабактын негизги максаты студенттердин громматика менен кептик теманы айкалыштыра билиши зарыл. Текст деген эмне? Текст кантип түзүлөт? Мына ушулардын бардыгын окуп түшүнгөндөн кийин гана бажы иши жана контрабанда тууралуу да мугалим студенттерге маалымат бериши керек. Студенттер өз кесибине байланыштуу укуктук терминдерди үйрөнүп, аны менен катар сүйлөм, текст түзө билиши керек. Себеби келечекте ал өз кесибинде кесиптик лексиканы , укуктук терминдерди туура пайдаланышы шарт. Ошондуктан , мугалимдин негизги максаты эне тилинде эркин сүйлөөгө , өз оюн ачык, так түшүндүрө билүүгө , сөз байлыгын байытууга жана сабаттуу жазууга үйрөтүү.

Өзгөрүп жаткан жаңы шарттардын талабына ылайык мурда активдүү түрдө пайдаланып келген кээ бир традициялык ыкмалар , методдор көп жагынан ылайык келбей калды. 21-кылым техниканын өнүккөн мезгили демекчи бүгүнкү күндө бардыгы компютерлешкен. Ар кандай маалыматтарды кампютер булактарынан (интернеттен) билип алуу мүмкүнчүлүгү бар. Учурда инсанга , кесипке багыттап окутуу концепциясы өзүнүн өзөк идеяларын идеяларын турмушка ашырууга ийкемдүү кызмат кылып бере турган бөлөкчө , жаңы технологияны бизди мажбурлады жана мезгил ошону талап кылды. Издене келгенде , мындай традициялык эмес жаңыча технологиянын бири Сынчыл ойломдун негизиндеги РАФТ- технологиясын айтсам болот.Төмөнкү сабак ушул ыкмага негизделген. Мында инсанга , кесипке багыттап студенттин инсанын өркүндөтүү, анын шыгын ачып берүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн ачып берүү, таланттын өстүрүү, ичте катылып жаткан мүмкүнчүлүктөрүн ачууга жол берүү болуп саналат.
Мындан тышкары студент традициялык эмес (оюн) сабактарына өзгөчө көңүл буруп , активдүү катышат жана сабак жандуу , кызыктуу өтөт. Студенттер бир топ маалыматтарды ала алышат. Бул сабакта студенттер эки топко бөлүнүшөт да төмөндө көрсөтүлгөн ролдорду аткарып берүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

**Сабактын темасы:** <u>Громматикалык тема. Текст. Текст кантип түзүлөт? Тексттин мүнөздүү белгилери.</u>

<u>**Кептик тема**: Бажы иши жана контрабанда.</u>

**Сабактын максаты**: Теманы терең жана кенен түшүндүрүү. Текст кандай түзүлөт? Текст маанилик түзүлүшү боюнча кандай бөлүктөрдөн турат? Чакан тексттерди түздүрүү жана көнүктүрүү. Укуктук терминдерди окуп үйрөнүү менен сүйлөм жана

тексттерди стилдик жактан туура пайдаланууга, өз оюн ачык, так түшүндүрө билүүгө, эне тилинде эркин сүйлөп ,аны урматтоого, патриот болууга тарбиялоо. " Сынчыл ой жүгүртүү"стратегиясынын негизинде кептик тема боюнча тактап айтканда бажы иши жана контробанда деген темада топторго бөлүп сот процессинен үзүндү аткаруу. Ал эми экинчи топ ушул эле теманын үстүндө телевидениядан тегерек стол өткөрүү ыкмасын көрсөтүшөт . Мында студенттерге аткаруучулук жөндөмдүүлүктү үйрөтүү менен чыгармачыл жазма иштердин ар кандай түрүн үйрөтүү.

**Сабактын тиби:** Семинар сабагы.

**Сабактын методу:** Иновациялык метод .РАФТ – технологиясынын негизинде. Оюн ролдору.

**Сабактын жүрүшү:**
а) Уюштуруу иши.
б) Үйгө берилген тапшырманы текшерүү.
в) Жаңы сабак. РАФТ – технологиясынын негизинде.
г) Сабакты жыйынтыктап, топторду баалоо.
д) Үйгө тапшырма берүү.

**Сабактын жабдылышы**: Скотч.
Батман.
Маркер

**Текст жана анын мүнөздүү белгилери . Текст кантип түзүлөт?**

Текст - кеп чыгармачылыгынын натыйжасы .Текст түзүүдө адамдардын ар кандай башка чыгармачылык сыяктуу эле белгилүү бир максатты көздөйт .Ал эми анын максаты кептин предмети аркылуу аныкталат . Кептин предмети болуп тигил же булл турмуштук көрүнүштөр эсептелет . Мисалы , ар түрдүү коомдук турмуштук окуялар ,жаратылыштык көрүнүштөр эсептелет . Мисалы ,ар түрдүү коомдук , турмуштук окуялар , жаратылыштык көрүнүштөр , адам , анын тышкы келбети жана ички дүйнөсү , жансыз жана жандуу жаратылыштар , алардын ар түрдүү айбанаттар жалпы эле жараптылыш дүйнөсү жана башкалар кирет .

Текст түзүүдө ар кандай тармакка тиешелүү сөз каражаттарын колдонуу менен бирге кесипттик лексикаларды , ар кандай тармакка тиешелүү терминдер тил . Тил аркылуу бири –бирибизге өз ой пикирибизди жеткиребиз .

Бүгүнкү күндө кыргыз адабий тили элибиздин, мамлекетибиздин турмушундагы жаңылануусу. Бул өз учурунда күндөлүк басма сөз , радио уктуруу , теле көрсөтүү жана башка көптөгөн формалар аркылуу ишке ашырылат . Тил канчалык масыштабда колдонулса , анын ар тараптан өнгүүсүнө ошончолук ыңгайлуу шарттар түзүлөт .

Тексттин темасы – бул тексттин мазмунун жалпылап чагылдырган маанилик борбору .

Камтылган окуясына жараша текстин темасы өз кезегинде подтемаларга, подтема өз ара микротемаларга бөлүнүшү мүмкүн .

Текст - өз ара бири – бири менен маанилик тематикалык жана громатикалык жактан тыгыз байланыштагы бир нече сүйлөмдөрдөн турат да тексттеги айтылуучу ойдун структуралык бирдигин түзөт .

Текст- маанилик түзүлүшү боюнча төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турат .

а) Текстеги ойдун башталышы .
б) Өнүгүшү .

в) Аякташы.

Тексте айтылып жаткан окуя , көрүнүш ар кандай кубулуштар тууpасындагы ой кортундуларды жыйынтыктоочу акыркы сүйлөмдөр текстеги ойдун аякташы деп аталат .

Ошондой эле абзац колдонулат . Абзац – бул бир ой бүтүп, экинчи жаңы ойдун башталышы .

Текст түзүүдө орундуу кайталоо жана орунсуз кайталоо болот. Орундуу кайталоо адамдардын ички сезим туюмдарын – кайгырганын , кубанганын , чочуганын , кептин көркөмдүүлүгүн артыруу үчүн , айтылган ойду тактоо жана бышыктоо үчүн колдонулат .

Мисалы , Токточу өмүр , токточу өмүр , токтой тур ,
Көзүң чуңкур , өңүң кансыз , сары нур .( А.О.).

Мына сага! Ме! Арам өлгөн айбан! Мына сага кутурган ит, маңги баш!- Эдигей ачуусун Каранардан чыгарды .(Ч.А) .

Орунсуз кайталоо сөз маанилерин жакшы өздөштүрбөгөндүктөн, синонимдерди, алардын катарларын кепте туура колдоно албагандыктан , тил байлыгынын йт . Кылмышкерлерди жоопко тартып , алар менен иш алып баржардылыгынан келип чыгат . М: Бүгүнкү күндө кылмышкерлердин саны күн санап өсүүдө . Кылмышкерлердин кылмышка барышына эмне түрткү болууда ? Кылмышкерлерге кандай чаралар колдоноорун укук коргоочулар тактауу укук коргоо органынын иши .

Бул текстте кылмышкер деген сөз кайра-кайра орунсуз кайталанды . Анын ордунда туура келүүчү башка сөздөрдү колдонуу керек эле .

Тексттин манилүү бөлүктөрү окуп үйрөнүүдөн мурда ага түздөн-түз байланшата каралуучу тексттин манилик бүтүндүгүнүн мүнөздүү белгилерин эсинерге салабыз а) тематикалык бүтүндүк-кептеги айтыла турга негизги ойдун бир темасынын айланасына топтоштурулушу; б)кептин стилдик өзгөчөлүктөрүнө карата карым-катнашы-тексттинстилинин анын бир түрүнө тиешелүүлүгү, же бир түрүнүн басымдуулук кылышы; в) ойдун биримдиги-кепте айтылып жаткан ойдун ырааттуу түрдө өнүгүшү аркылуу бир бүтүн мазмунду билдирүүчү сүйлөмдөрдүн грамматикалык жактан тыгыз байланыштыгы.

Демек, тексттин маанилик бүтүндүгүн стилдик - тематикалык , маани жана громматикалык жактан уюмдашкан сүйлөмдөрдүн тизмеги түзөт.

Айталы: 1 Таш боор, мерес кара жер сени да өз койнуна алат го?! Ээй, жигиттер, оозуңарга кум куюп алгансыңарбы? (Т.С.) 2. Урматтууокурмандар, элдик казына болгон Эл оозеки адабиятынын 40 томдугун алып койсоңуздар, балчака, небере-чөбөрөлөрүңүздөр үчүн түгөнгүз байлык топтогон болосуздар.

Жогорку сүйлөмдөрдүн топтому текст боло албайт. Анткени бул сүйлөмдөрдүн ар бири өз алдынча турганда гана, кандайдыр бир маанини туюндурганы менен, тематика-стилистикалык, маанилик жана громматикалык жактан өз ара тыгыз байланышта эмес. Сүйлөмдөрдүн мындай ар түрдүү стилдик, маанилик тематикалык жактан бири-бири менен байланышпаган топтомун текст деп атоого болбой.

Эми тексттин тексттин бардык талаптарына жооп берген төмөнкү сүйлөмдөргө көңүл буралы.

Алыкул Осмонов таланттуу акын болгон. Ал 1915-жылы азыркы Чүй областынын Жайыл районундагы Каптал-Арык айылында туулган. Кичинесинен жетим калып, балдар үйүндө тарбияланган. Кийин мурдагы Фрунзе, азыркы Бишкек шаарында окуп, билим алган. Алыкул балдар үчүн көп чыгармаларды жазган. Мыкты котормочу да

болгон. Ал Шекспирдин, Пушкиндин, Шота Руставелинин чыгармаларын кыргызчага эркин которгон.

Бул сүйлөмдөрдүн тизмеги маанилик бүтүндүккө ээ жана тексттин талабына жооп берип, төмөнкүдөй белгилердин бирдигинен турат.

1.Сүйлөмдөр өз ара тематикалык жактан байланышта. Ошондуктан тексте Алыкул Осмонов, анын өмүр жолу жана чыгармачылыгы тууралуу айтылуучу ой кыскача , бирок ыраттуу берилген.

2. Тексттеги сүйлөмдөр грамматикалык жактан да тыгыз байланышта. Текст стилдик бир бүтүндүккө ээ.башкача айтканда ал илимий-публицистикалык стилге тиешелүү. Анткени тексттеги акындын өмүрү, чыгармачылыгы өнүндөгү маалыматтар анын илимий-публицистикалык стилге мүнөздүүлүгүн айгинелеп турат.

3 Текст кептин бир түрүнө- баяндоо түрүнө таандык. А.Осмоновдун өмүрү, чыгармачылыгы ыраaты менен биринин артынан экинчиси келген кыймыл-аракеттер аркылуу баяндалган.

Тексттин маанилик бүтүндүгү жогорудагы белгилердин бардыгы, ойдун структуралык сакталганда гана болот.

Тексттин бөлүктөрү төмөнкүдөй: тексттеги ойдун башталышы, тексттеги ойдун өнүгүшү жана тексттеги ойдун аякташы.

Тексттеги сүйлөмдөр бири экинчиси менен маанилик тематикалык жагынан жана грамматикалык түзүлүшү боюнча байланышып, тексттеги ойдун маанилик бүтүндүгүн, же анын (ойдун) структуралык бирдигин түзүп турат.

Тексттеги айтылуучу негизги ойду, анын темасын аныктай турган, же алардан кабар берүүчү алгачкы сүйлөмже сүйлөмдөр ойдун башталышы деп аталат.

Теманын маанисин андан ары тереңдетүү менен, анны кеңейтүү өрчүтүп-өнүктүрүү максатында башталыштан кийин келүүчү сүйлөмдөр тексттеги ойдун өнүгүшү деп аталат.

Тексттеги айтылып жаткан окуя, көрүнүш ар кандай кубулуштар тууралуу ой-кортундуларды жыйынтыктоочу акыркы сүйлөм же сүйлөмдөр тексттеги ойдун аякташы деп аталат.

Текст. Текст кантип түзүлгөндүгү тууралуу маалымат алдыңар.

Эмесе бүгүнкү сабакты андан ары улантсак. Сабакы сынчыл ой жүгүртүү стратегиясы менен өтөбүз.

Сынчыл ой жүгүртүү маалыматты кабыл алуудан башталып чечим чыгаруу менен бүткөн татаал процесс, идеяларды , ресурстарды комбинациялоонун (айкалыштырып колдоно билүү) жана интеграциялоонун(киргизип жайылтуу), түшүнүктөргө жаңы мани берүүнүн татаал процессии. Сылык скептицизмдин чектүү үлүшү менен идеяларды кабыл алуу.

Сынчыл ой жүгүртүүнүн структурасы психологдордун ою боюнча таанып билүүнүн үч стадиясын камтыйт: чакыруу стадиясы, маңызын түшүнүү стадиясы, ойлонуу стадиясы. Бул стадиялар сабакта ар кандай болушу мүмкүн, бирок теманы ачууну ушул стадиялар аркылуу жүргүзүү зарыл. Чакыруу стадиясында өтүлө турган сабактын темасы тууралуу айтылат. Мисалы: бажы дегенди кандай түшүнөсүңөр? Ушул сыяктуу суролорду берсек болот. Студент өзүнүн билгенин айтып берет. Студент өз оюн эркин айтууга укуктуу.

"Сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу" программасы Джинни Стил, Курт Мередис , Чарльз Темпл түзгөн программа .Анын негизинде чоң тандоолордон тандалып алынган сынчыл ой жүгүртүүнүн эффективдүү ыкмаларын жана жолдорун көптөгөн мамлекеттердин билим берүү системасында

колдонуп келе жатышат. Сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүүдө окуу чөйрөсүн түзүү зор мааниге ээ. Чөйрөнү түзүү процессинин маанилүү мүнөздөмөсү болуп стереотиптерди бузуу, ойлонууга атайын убакыт бөлүп берүү, идеянын ар түрлөрүн кабыл алуу болуп эсептелет.

Бүгүн биз сабакта колдоно турган стратегия РАФТ- технологиясы.

РАФТ төмөнкүдөй чечилет. Роль - Аудитория - Форма – Тема. РАФТ процедурасы студенттердин чыгармачыл иштеринин түрүн башкача айтканда текст түзүүнү, чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн жана башкаларды үйрөтүүнү негиздейт.

Стратегиянын кадамдары; 1) .Теманы тандоо. 2 ).Ролду тандоо .Роль ким?- Сен кимсиң? Сен кайсы ролду ойнойсуң? Текст кимдин атынан түзүлөт? 3). Аудиторияны тандоо. ( кимге ?)- сен кимге айтып бересиң? Сенин айтканың кимге даректелет? Текст кандай аудиторияга даректелет? Бул аудиториянын кандай өзгөчөлүктөрү бар? 4). Форманы тандоо. Формасы (кандай? кайсы формада?) Сен кантип сүйлөйсүң? Айткан чыгармаңдын тону кандай болот? 5). Темасы (эмне жөнүндө?) Сен конкреттүү эмне жөнүндө айтып бересиң? Чакан эссе жазуу.

Кыскача мазмуну: Белгилүү стилде сочинениени (текст) жазууну үйрөнүү.

Образы: Актердун театыры.

Студенттер каалаган ролду тандашып берилген убакыттын ичинде даярданып, андан кийин аткарып беришет. Мисалы, соттун, мугалимдин, журналистин, актердун, адвакаттын жана башкалардын ролун аткарууга болот. Сабак күндөгү сабактан өзгөчөлөнөт да, топторго бөлүнгөндүктөн атандаштык пайда болуп сабак жандуу жана кызыктуу өтөт.

РАФТ – технологиясы сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу программасы РАФТ – процедурасы аркылуу студенттерге чыгармачыл жазма иштердин ар кандай түрүн үйрөтүү. Бул стратегияда стереотиптерди бузуп, ойлонууга убакыт берилет, ар бир ой балуу болуп, көптөгөн ассоцияларды, пикирлерди эркин айта алышат жана ойлонтууга мажбурлайт.

**Стратегиянын кадамдары**:

1) Теманы тандоо.

2) Ролду тандоо, сен кимсиң? Сен кайсы ролду ойнойсуң? Текст кимдин атынан түзүлөт?

3) Аудиторияны тандоо. Сен кимге айтып бересиң?

4) Форманы тандоо. Формасы кандай? Кайсы формада?

5) Тема. Темасы эмне жөнүндө? Конкреттүү эмне жөнүндө сүйлөйсүң?

Беш мүнөттүк эссе жазуу.

**Кыскача мазмуну:** Белгилүү стилде дилбаян, текст жазууну окуп үйрөнүү.

**Образы:** Бир актердун театры.

Мугалим студенттерди бир, эки деп санатып эки топко бөлөт. Студенттер кеңешип каалаган ролду, теманы, кандай формада өтөөрүн тандашып айтышат, мугалим алардын айткандарын доскага жазып турат. Даярданууга убакыт бөлүнүп берилет. **Биринчи топ**: Соттун ролун тандашты. Темасы Кылмышкерди аныктоо. Сот процесси формасында. Аудиториясы сот залы.

**Экинчи топ**: Телеберүүдөгү журнальист. Темасы Укуктук суроо- жооптор. Формасы тегерек стол. Аудиториясы телекөрүүчүлөр, эл, коом.

Берилген убакыттын ичинде кайсы топ даяр болсо өз ролдорун көрсөтүшөт. Убакытты мугалим көзөмөлдөп турат. Он беш - жыйырма мүнөт убакыт берилет. Экинчи топ биринчи даяр болгондуктан биринчи көрсөтүүгө туура келет.

**Журнальистин сөзү**: Саламатсыңарбы? Урматтуу телекөрүүчүлөр.Кезектеги укуктук суроо-жооптор берүүсү сиздердин назарыңыздарда. Бүгүн биз, Бажы иши жана контрабанда деген темада сөз кылабыз. Биздин берүүбүз түз эфирде, андыктан өзүңүздөрдүн суроонуздар болсо 22-34-46 номерине чалып жооп алсаңыздар болот. Программаны мен, Матыева Алымкан алып барам. Эмесе тегерек столдун меймандары менен тааныштырып өтөйүн. Солдон оңго бажыкананын начальниги Талантбеков Кубанычбек Талантбекович, укук коргоо органынын кызматкери Кутманалиев Жоомарт Кутманалиевич, ишкер айым Бакытова Чолпон Алымовна , соцфонддун төрөайымы Нурлан кызы Айзат . Алгачкы суроону Кубанычбек Талантбекович сизге узатсам. Бажыкана дегенди кандай түшүнөбүз?

-Бажыкана – чек ара аркылуу жүктү , инсандарды өткөрүүдө эсеп жана көзөмөл жүргүзүп туруучу мамлекеттик мекеме. Бажыкана адата , чек ара пункттарында , аэропорттордо, темир жол , деңиз жана дарыя вокзалдарында жайгаштырылат да, ошолор аркылуу товарды жана мүлктү алып өтүп, ошондой эле бир өлкөдөн экинчисине каттаган инсандар чет өлкөдөн келген жарандар өткөрүлөт.

-Рахмат. Тарифтер жөнүндө айтып берсеңиз?

-Ар кандай кызмат көрсөтүүгө төлөмдөрдүн өлчөмүн аныктап белгилөөчү ставкалардын системасы же тейлөө иштерине коюлуучу баа.

-Бажылык тарифтер тууралуу кыскача айтып өтсөңүз.

-Жакшы болот. Бир өлкөнүн чек арасы аркылуу ташып келинген товарларга бажылык салыктардын мыйзам чегинде белгиленип коюлуучу ставкаларынын тутуму. Структуралык жактан алар жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Жөнөкөй тарифтер ар бир товарга колдонулуучу бирден бир тутум боюнча аныкталып белгиленет. Татаал тарифтер ставкалардын төмөндөгүдөй бир нече тилкелерин камтыйт: максималдуу-адатта соода-сатык катыштары жок өлкөлөр үчүн; минималдуу-товардык катыштагы соода-сатыка ыңгайлуу жагдай берилген өлкөлөр үчүн; спецификалык тарифтер-салмак, көлөм же товардын башка бирдиги жана башка ушул сыяктуу тарифтер бар.

-Рахмат. Чолпон Алымовна сиз ишкер айым катары бажыканадан көп өтүүгө туура келет. Бажыканадан өткөндө бажы кызматкерлери тарабынан тоскоолдуктар же мыйзам бузуулар болобу?

-Ооба , иш боюнча көп өтүүгө туура келет . Албетте, тоскоолдуктар болбой койбойт. Канчалык өз ишиңди туура кылсаң дагы тактап айтканда бажы декларациясын толтурсаң да кыйынчылыктар болот. Бажы декларациясы деген чек ара аркылуу өткөрүлүп жаткан жүк жөнүндөгү маалыматтарды камтыган улуттук мыйзам талаптарына ылайык түзүлгөн документ.

- Жомарт Кутманалиевич бажыканадан өтүүдө мыйзам бузуулар же болбосо ар кандай кылмышкерлер кармалууга мүмкүнбү?

-Туура суроо бердиңиз. Мыйзам бузуулар абдан көп катталат. Көбүнчө баңгизат менен көп кармалышат. Ошондой эле контрабанда менен ири өлчөмдөгү товар алып өтүүлөр болот.

-Контрабанда демекчи Айзат Нурлановна айтсаңыз контрабанда менен . түшкөн товарлардан сиздерге ,соцфондго өткөрүп берет деген маалымат бар. Ушул тууралуу айтсаңыз .

-Мыйзамсыз келген товарларды бизге өткөрүп бергендерин өзгөчө муктаж болгон жерлерге бөлүштүрүп беребиз. Алсак Сокулук районундагы Военный Антоновка айылындагы балдар үйүнө, Бишкек шаарындагы карылар үйүнө , Ысык-Ата районундагы балдар үйүнө жана башка көптөгөн жерлерге жеткирип бердик. Булар аларга жетишсиз, мамлекет тарабынан чоң жардамга мукташ экендигин өз көзүбүз менен көрүп кайттык

-Калктын социалдык жактан корголушу деген эмне? Ушул туурасында айтсаңыз.

-Жумушсуздук, кембагалдык, инфляция сыяктуу олку-солку кылуучу факторлорго каршы иштөөчү мыйзам менен бекемделген кепилдиктин тутуму.

-Рахмат. Бизге телефон чалуу бар экен. Ало, сизди угуп жатабыз.

-Саламаттсыңарбы? Мен алыскы Чаткал районунан чалып жатам. Мен бизнес менен алектенем башка мамлекеттерден товар алып келем. Бажы тарифтерин, салыктарды өз убагында төлөйбүз. Ошентсе да тарифтик чектөө деп товарлардын көлөмүн азайткыла деп бажыканадан убара кылышат.

-Рахмат байланышка чыкканыңызга. Кубанычбек Талантбекович сиз жооп берсеңиз.

-Тарифтик чектөө деген бар, мамлекетке бажылык салыктын жогорку өлчөмүн колдонуу жолу менен товарларды импорттоонун көлөмүн чектөө болуп эсептелет.

Эмесе бизге бөлүнгөн убакыт соңуна жетти. Бизге келип бажы иши жана контрабанда тууралуу кеңири маалымат берип, маек куруп бергениңиздерге чоң рахмат. Эмики бейшембиге чейин саламата калыңыздар.

**Мугалимдин сөзү**: рахмат экинчи топко, кол чабуулар. Экинчи топ бажы иши жана контрабанда тууралуу негизги маалыматтарды беришти. Бул тема үйгө берилгендиктен студенттер жакшы даярданып келишкен. Алар телекөрсөтүүдөгү тегерек столдун жүрүшүндөгү суроо-жоопту чыгармачылык менен көрсөтө алышты.

–Эмесе кезекти экинчи топко берсек. Булар сот процессинен үзүндү аткарып беришет.

Катчы: Туруңуздар, сот келатат!

Сот: Отуруңуздар. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 204-беренесинин 1-пункутунун 2-бөлүгүндө жана 247- берененин 1-пункутунда каралган кылмыш ишин кароо боюнча сот отурумун ачык деп жарыялаймын.

Катчы: Сотко чакырылган адакмдардын бардыгы келишти.

Сот: Бүгүнкү сот отурумуна төрагалык кылган мен, Эркинбекова Сүйүн, айып коючу Алибеков Алибай, жактоочу Алиева Назира жана сот отурумунун катчысы Акматова Жылдыз.

Сот: Соттолуучу ордуңуздан туруңуз.

Аты - жөнүңүз, качан, кайсы жерде туулгансыз? Учурда иштейсизби?

Сотолуучу: 1989-жылы Баткен областына караштуу, Аксы районунда, Жеңиш айылында туулгам. Атым Максат фамилиям Абатбеков. Учурда Жайыл районуна караштуу Байтик айылында турам. Өзбекстанга Кыргызстандан товар кийим-кече ташыйым.

Сот: Сизге коюлуп жаткан апйып түшүнүктүүбү?

-Ооба түшүнүктүү.

Сот: Жалган көрсөтмө бергендигиңиз үчүн жоопко тартыларыңызды билесизби?

Соттолуучу: Ооба, биллем.

Айыптоочу: Сиз айдап жүргөн унаа сиздикиби?

-Ооба меники.

-Бул унааны алганыңызга канча убакыт болду?

-Жарым жыл болду.

-Унааңыздан баңгизаттын табылганын кантип түшүндүрүп бере аласыз?

-Унаамда баңгизаттын бар экенин түшүндүрүп бере албайм, бензин куйган бакта атайлап жазалганын мен билген эмесмин.

-Унааны алганда текшерген эмес белеңиз? Ушул күнгө чейин кантип билген жоксуз?

-Менин буга эч тиешем жок.

Сот: дагы суроонуз барбы?

-Суроом жок.

Адвокат: Сиз онунчу октябрь күнү кечки саат алты жарымда Кыргызстан менен Таджикстан өлкөлөрүнүн чек арасынан эмне максат менен өттүңүз эле?

-Мен чек арадан өткөн себебим, онунчу октябрда эжемдин туулган күнү болчу.Ошого келгем.

-Чек арадан тез-тез өтүп турат экенсиз, бир айда канча жолу өтөсүз?

-Бир айда үч-төрт жолу өтөм, себеби бул жерде ооруканада энем жатат. Ага дары-дармек жеткирип туруу керек. Андан тышкары Кыргызстандан Таджикстанга товар ташыйм , кийим-кечек.

Сот :башка сурооңуз барбы?

-Күбөнү чакрууга уруксаат этиңиз?

Сот: күбөнү чакырыңыз.

Катчы? Күбө Акматов Аскат сот залына чакырылат.

Адвокат: Күнөлүүнүн апасын дарылаган врач катары эмнелерди айтып бере аласыз?

-Бул адам апасы катуу ооруп жаткандыгына байланыштуу тез-тез келип турат. Мындан башка каралашчу адамы деле жок .Эжеси бар бирок ал иштебейт , дары менен камсыз кыла албайт. Бул адам жоопкерчиликтүү, айткан дарыларды өз убагында алып келип турат, кымбаттыгына карабайт , кечиктирбейт.

Рахмат. Башка суроом жок.

Сот: Айыптоочу сизде суроо барбы?

-Ооба, сиз бул адамдын баңгизат менен алектененээрин билчи белеңиз?

-Жок. Билчү эмесмин.

-Башка суроо жок.

Сот: рахмат, отуруңуз.

Айыптоочу: Бул иш боюнча күбөнү чакырууга уруксаат этиңиз?

Катчы: күбө Асанов Улукбек чакырылат.

Сот: жалган көрсөтмө берген үчүн КР Кылмыш-жаза кодексинин 330-331-беренелери боюнча жоопко тартыларыңызды билесизби?

- Ооба.

Сот: аты- жөнүңүз, туулган жылыңыз, кайда иштейсиз, жашаган жериңиз тууралуу айтып бериңиз?

-Мен 1967-жылы туулгам. Учурда убактылуу иштебейм жумуш жок. Байтик айылында турам.

Айыптоочу: Абатбеков Максатты тааныйсызбы?

-Албетте, тааныйм. Бул жаш балдардын баарын бузду. Баңгизат сатып окат кылат, өзү байыды, айылдагы балдардын баары ушу адамдан баңгизат алышат, ууруга барышып карыз болгондору да толтура. Муну камаш керек. Менин иним да буга карыз, иним баңгизатын колдонуп, азыр ансыз туралбай калды.

Айыптоочу: башка суроом жок.

Сот: рахмат, залдан орун алыңыз.

(Күбөнүн бардыгы суралып бүткөн соң, эки тарапка сөз берилет.Андан кийин сот чечимин чыгарат.)

Сот: Кыргыз Респблиеасынын Кылмыш-жаза кодексинин 204-берененин 1-пунктунун 2-бөлүгүндө жана 247-берененин 1-пунктунда каралган кылмыш иши боюнча Атабеков Максат күнөөлүү деп табылды жана ал алты жылга эркинен ажыратылсын.

(Эмне себептен мындай чечим чыгарылгандыгы тууралуу маалымат айтылат).

**Мугалим**: биринчи топко да рахмат.(кол чабуулар).Сот процессинен чакан үзүндү көрсөтүп беришти. Булардын аткарган ролу да бажы иши жана контрабанда темасына ылайыкташтырылды.

**Мугалим**: Урматтуу студенттер бардыгыңар бажы иши жана контрабанда деген кептик темага жакшы даярданганыңарды өзүңөр далилдеп бердиңер. Эми ушул силер аткарган ролдордо кандай укуктук терминдер катышты? Эки топ тең айтып бергиле.

Биринчи топ: бажы,контрабанда,тариф, товар, декларация сот,укук коргоо кызматы ж.б.

Экинчи топ: кылмышкер, адвокат , берене, айыптоочу, кодекс, камоо, бажы тарифтери , жөнөкөй тарифтер, инфляция, мыйзам, чек ара ж.б.

**Мугалим**: рахмат. Эки топ тең укук терминдерин айтып беришти. Эки топко тең эң жакшы деген баа койом. Анткени громматикалык темага да, кептик темага да даярдыктары абдан жакшы. Биздин ар бир туура сүйлөгөнүбүз, сүйлөмдөрдү стилдик жактан туура байланыштырганыбыз, өз оюубузду так, туура, ачык түшүндүрө билгендигибиз текст деген эмне жана текст кантип түзүлөрүн туура үйрөнгөнүбүздү айтып турат.

Үйгө тапшырма:

Бүгүнкү сабакта катышкан укук терминдерин окуп түшүнүп, аларды катышып сүйлөм түзүп келгиле.

## Кортунду.

Бул сабакта колдонулган методдун маңызы , студенттердин өздөрүнүн же болбосо , мугалим менен студенттердин биригип , өз ара мамилесинин (сүйлөшүү , акылдашуу , дискуссия жүргүзүү , өз ара көмөктөшүү жолу менен) маселени чечиши , теманы толук , ачып керектүү материалдарды билип алышында. Интерактив деген англис сөзү- өз ара аракеттенүү (взаимодействие) деген маанини билдирет. Демек , интерактив биргелешкен жемиштүү , натыйжалуу эмгекке багытталган иш усулу. Диалог булл жерде мугалим менен студенттин ортосунда эмес , студент менен студенттин ортосунда кызуу жүргөндүгү менен айрымаланат. Алар ар бири тандап алган ролду ачып берүүгө , ошол ролду кызыктуу аткарууга аракеттенишет. Мугалимдин монологу үстөмдүк кылбайт. Тескерисинче студенттер үзгүлтүксүз алака-катышта болуп (общение)өз ара жардамдашуу ишке ашат. Жогоруда көрсөтүлгөндөй студенттердин тандап алган ролдоруна жараша баарлашуу , сүйлөшүү , лидерлерди даярдоо ишке ашат да чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтө алышат. Сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында сөз байлыктары калыптанып , эне тилинде эркин сүйлөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

## Колдонулган адабияттар.


**1** А.Сапарбаев. Н.Абдесов. Кыргыз тили. Б- 2002.
2 Өмүралиева.С Мусаева.В.Эгембердиев.Р. Кыргыз тили. Б-2005.
3 К.Ш.Курманов. Л.Ч.Сыдыкова. А.Ш.Шаршеналиев. К.А.Бодобаев. Кыргыз Республикасынын жазык укугу Б- 2005.
4 К.Атышов.Т.Алиев.Р.СуртаевЭкономиканын орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү.Б-2007.
5 Укук энциклопедиялык окуу куралы. Б-2004.